**Ош мамлекеттик университетинин студенттерин практикадан откоруу боюнча**

# К Е Л И Ш И М

Ош шаары "23" май 2025 ж.

Биз, төмөндөгү кол коючулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор **К. Г. Кожобеков** мындан ары "ОшМУ", жана Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркынын директору **Койлубаев Сардалбек Калдарович** ОшМУда практикаларды уюштуруп өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Институт, факультет, колледж студенттерди адистикке калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт;

1.6. Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш парк менен биргеликте конференцияларды, окуу-усулдук семинарларды, маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдө дайыма кызматташат;

1.7. Окуу-талаа практикасы өтүп жаткан аймактын тазалыгын сактоого жана жаратылышка аяр мамиле жасалат;

1.8. Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркына кирүү үчүн ар бир студент 50 сомдон төлөйт.

**2. "Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш парк" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун Медицина, Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун "фармация", "биология", "география", "туризм" адистиктери, Ош медициналык, Өзгөн эл аралык медициналык, STEM инновациялык колледждеринин "фармация", "туризм" адистиктеринин студенттерине практикадан өтүү үчүн календардык планга ылайык 1500 орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча эрежелер менен тааныштырат;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү иш кагаздар менен таанышуусуна уруксат берет;

Сканировано с CamScanner

2.4. Медицина, Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар иститутунун "фармация", "биология", "география", "туризм" адистиктери, Ош медициналык, Өзгөн эл аралык медициналык, STEM инновациялык колледждеринин "фармация", "туризм" адистиктеринин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.5. Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркы студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2025 - жылдын 23.05. 2026-жылдын 23.05. айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркында" сакталат.

Ош мамлекеттик университети
723500, Ош шаары Ленин к., 331
тел.: (+9963222) 70712
факс: (+9963222) 70915
e-mail:edu@oshsu.kg www. oshsu.kg
э/э № 1290393230420323
"РСК Банк" ААКтын Ош филиалы
ИСН 00207199610017

**ОшМУнун ректору,**
**профессор К.Г. Кожобеков**

**Тараптардын дареги**
Өзгөн району, Кара-Шоро
мамлекеттик жаратылыш
паркынын директору
**Койлубаев Сарлалбек Калдарович**

Сканировано с CamScanner